КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ

АТ-БАШЫ РАЙОНДУК
МАМЛЕКЕТТИК
АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ

АТ-БАШИНСКАЯ
РАЙОННАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ
АДМИНИСТРАЦИЯ

**БУЙРУК**

**ПРИКАЗ**

№ 33-б

"16" 02 2024-жыл

Ат-Башы а.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 9-февралындагы № 24-б буйругу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 9-февралындагы № 24-б буйругун аткаруу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 9-февралындагы № 24-б буйругу жетекчиликке жана аткарууга алынсын.
2. Бириккен Улуттар Уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык түлүк программасын райондо ишке ашыруунун алкагында Ат-Башы районунун аймагында өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, кыш мезгилинин катаал шарттарында калктын аярлуу катмарына кирген малчылардын абалын жеңилдетүү, мал жандыктардын массалык кырылып кетүүсүнө жол бербөө максатында чөптүн жана тоюттун корун түзүү, аны максаттуу пайдалануунун тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Долбоордун негизинде районго тартылып келе турган чөп жана тоют корлору үчүн коопсуз сактоочу кампа жайларын даярдоо, алынып келинген чөп тоют корлорун түшүрүү, балансқа кабыл алуу боюнча тийиштүү иш аракеттерди жүргүзүп, кампа жайларына түшүрүлгөн чөптүн жана тоюттун корлорун коопсуз, талапка ылайык сакталышын камсыз кылуу Баш-Кайыңды айыл өкмөтүнүн башчысы Иса уулу Нурланга тапшырылсын.
4. Чөптүн жана тоюттун корун түзүү, аны максаттуу пайдалануунун тартибине ылайык, район аймагында климаттык мүнөздөгү коркунучтуу процесстер менен байланышкан өзгөчө кырдаалдар катталган учурда калктын аярлуу катмарына кирген малчылардын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн эске алуу менен

келишимдик негизде малчыларга чөптү жана тоютту таратып берүү, кайра чогултуу, топтоо иш чараларын белгиленген тартипте жүргүзүү жагы айыл өкмөттүн башчыларына тапшырылсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөлгө алуу жагы Ат-Башы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары М.Кадыркуловго жүктөлсүн.

**Аким** **Э.Абдыкадыров**

Документациялык жактан камсыздоо жана кызматтардын кайрылууларын иштеп чыгуу сектору

**Жиберилени: Көктөмөгө, айыл өкмөттөргө, өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө**